## СЕНСИЗДИККЕ КӨНӨРМҮН

Сөзү: Назгүл Каныбекованыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2013-жыл, 29-июнь

Сүйүү эмне, күтүү менен азаппы?
Жүрөгүңө бербейт тура азатты.
Сен жөнүндө ойлоо мага жагымдуу,
Бирок, көз жаш аралашып тажатты.

Өттү жылдар, ай алмашып өзүңсүз,
Шамал дагы аймалабай көңүлсүз.
Табиятка кошуп алдап өзүмдү,
Ооз учунан сүйбөй койгом дедим суз.

Капа болбойм мага муздак карасаң,
Арнап сага жаңы ырларды жаратам.
Өкүнгөнүм, кайгырганым – башкысы,
Сенсиз өткөн күнгө көнүп баратам.